КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРУУ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
К. И. СКРЯБИН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК
УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ
АГРАРНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
ИМЕНИ К.И. СКРЯБИНА

720005, г. Бишкек, ул Медерова, 68 Тел.: +996 312 54 32 10, 54 05 48, факс +996 312 54 05 45
E-mail: knau-info@mail.ru, knau-info@rambIer.ru web: http: // www.kau-kg.narod.ru
Расчетный счет 1290532382810041 Октябрьский РОК Банк: Октябрьский филиал ОАО «РСК Банк» г.Бишкек
БИК: 129053 ИНН 01305199610053 ОКПО 20108076 лицевой счет: 4402031103001365 УГНС по ККН

17492-3301-У-е 2010807

«16» 04 2025г. № 01-3/326

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентине караштуу**
**Улуттук аттестациялык**
**комиссиянын төрагасы**
**ю.и.д., проф.,**
**КР УИАнын корр.-мүчөсү**
**Б. И. Борубашовго**

**Жолдомо кат**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 16 буйругу менен түзүлгөн К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңеши караштуу айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.670 диссертациялык кеңеши 2023-2025 жылдарда аткарылган иштери боюнча отчётун жөнөтөт.

Д 06.23.670 диссертациялык кеңештин
төрагасы, а.-ч. и.д., профессор Н. А. Карабаев

Аткарган: Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы С. А. Мамытканов
(+996) 502260373

**Д 06.23.670 диссертациялык кеңештин**
**2023-2025-жылдар аралыгындагы аткарган иши жөнүндөгү**
**ОТЧЕТУ**

Айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 16 буйругу менен бекитилген.

Диссертациялык кеңеш 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча докторлук диссертациялардын коргоосун өткөрүүгө жана кандидаттык диссертациялардын коргоосун 06.01.04 – агрохимия, 03.02.13 – топурак таануу, 06.01.05 – өсүмдүктөрдүн селекциясы жана үрөнчүлүгү, 06.01.07 – өсүмдүктөрдү коргоо адистиктери боюнча өткөрүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2025-жылдын 10-январындагы № 02 буйругунун негизинде УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 16 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизилген. Аталган буйруктун негизинде 06.01.09 - өсүмдүк өстүрүүчүлүк (авторефераты боюнча) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин доктору, доцент Тургунбаев Кубанычбек Токтоназарович биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу кеңештин курамынан чыгарылып, айыл чарба илимдеринин доктору, доцент Дуйшембиев Нурдин 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча диссертациялык кецештин курамына киргизилген.

Диссертациялык кеңештин ыгарым укуктарынын мөөнөтү 2025-жылдын 4-апрелине чейин. Диссертациялык кеңештин курамында жалпы 18 мүчө, анын ичинде айыл чарба илимдеринин доктору - 9, биология илимдеринин доктору - 2, айыл чарба илимдин кандидаты- 7.

1. 2023-2025-жылдар аралыгында өткөрүлгөн жыйындын саны - 12.
2. Жыйындардын жарымынын азына катышкан кеңештин мүчөлөрү - жок.
3. Отчёттук жыл ичинде кеңеште илимий өндүрүшкө киргизилген диссертациялардын кыскача анализи.

**3.1 Каралган иштердин тематикасынын анализи:**

3.1.1. 2023-жылдын 17-май айындагы диссертациялык кеңешинде жыйынында **Аалиев Сагынбек Абдималиковичтин** «Чүй өрөөнүнүн шартында кадимки дан куурайдын (*Rubus idaeus* L.) түшүмдүүлүгү» деген темада 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын-ала коргоосу өткөрүлдү.

3.1.2. 2023-жылдын 29-июнь айында **Аалиев Сагынбек Абдималиковичтин** «Чүй өрөөнүнүн шартында кадимки дан куурайдын (*Rubus idaeus* L.) түшүмдүүлүгү» деген темада 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын коргоосу өткөрүлдү.

**Илимий жетекчиси:** айыл чарба илимдеринин доктору, К. И. Скрябин атындагы КУАУ токой чарба жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын доценти К. Т. Тургунбаев.

Аалиев Сагынбек Абдималиковичтин диссертациялык иши Чүй өрөөнүнүн шартында кадимки дан куурайдын сортторунун агробиологиялык, чарбалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө, түшүмдүүлүгүн аныктоо, жана азык-түлүк коопсуздугун эске алуу менен өндүрүштө баалу өсүмдүк катары элге кеңири жайылтууга арналган.

Изилденген илимий иш республикабызда азыркы учурда актуалдуу болгон дан куурай өсүмдүгүнө багытталган. Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча дан куурай ээлеген аянты жылдан жылга кеңейип жатат. 2021-жылы дан куурайдын аянты 760,5 га, ал эми түшүмдүүлүгү 39 ц/га түзүп, алынган түшүмдүн дүң жыйымы 2965 т барабар болгон. Акыркы жылдары Кыргызстанда дан куурайды фермердик чарбалар көп тигүүдө. Дан куурай өсүмдүгү бат түшүмгө кирүүчү, витаминдерге бай жана кирешелүү,

базар экономикасында суроо талап ага көп, түшүмдүүлүктү жогорулатуу актуалдуу маселе болуп эсептелет.

Биринчи жолу Чүй өрөөнүнүн шартында кадимки дан куурайдын сорторуна (2 жөнөкөй, 2 ремонтанттык) илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ошондой эле, дан куурайдын сортторунун биологиялык жана чарбалык мүнөздөмөлөрү, фенологиялык фазаларынын көрсөткүчтөрү, мөмө берүү өзгөчөлүктөрү, түшүмдүүлүгү жана товардык-керектөөчү сапаттары алгачкылардан болуп аныкталган.

Илимий иште айыл чарба илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ болгон илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

- жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде сорттордун ортосундагы фенологиялык фазалардын башталышы жана өтүү мөөнөттөрүндөгү айырмачылыктар аныкталган.
- биологиялык өзгөчөлүктөрдү жана аба ырайынын шарттарына жараша гүлдөөнүн орточо узактыгы 24 күндөн 30 күнгө чейин өзгөргөн.
- Изилденген сорттордун бутактарынын бийиктиги менен түшүмдүүлүктүн ортосундагы корреляциялык байланыш эсептелген. Пригородная сортунун бутактарынын бийиктиги менен түшүмдүүлүктүн ортосундагы байланыш жогору (r=0,818). Бабье лето сортунда төмөн (r=0,123). Барнаульская сортунунда байланышын орточо (r=0,679). Новость Кузьмина сортундагы корреляциялык байланыш жогору (r= 0,779) көз карандылык бар экени аныкталган.
- Түшүмдүүлүктү аныктоодон алынган маалыматтарга ылайык дан куурайдын сорттору топторго бөлүнгөн: Жогорку түшүмдүү – Пригородная сорту (түшүмдүүлүгү 110,5 ц/га); орточо түшүмдүү – Бабье лето сорту (түшүмдүүлүгү 68,3 ц/га) жана Новость Кузьмина (түшүмдүүлүгү 59,2 ц/га). Аз түшүмдүү – Барнаульская сорту (түшүмдүүлүгү 46,5 ц/га)
- Биохимиялык анализдин негизинде дан куурайдын мөмөсүндөгү кургак заттын камтылышына (11,64%-18,72%) сорт өзгөчөлүктөрүнүн таасир этилиши аныкталган.

Фермерлердин практикалык көндүрүмдөрүн жакшыртуу боюнча колдонмолор «Малинаны өстүрүүнүн агротехникасы» (Бишкек, 2017) «Дан куурайды өстүрүү боюнча колдонмо» (Бишкек, 2022) иштелип чыккан. Изилдөөнүн жыйынтыктары Чүй өрөөнүнүн шартында кадимки дан куурайдын сортторун ири аянттарга жана чакан фермердик чарбаларда өстүрүү үчүн алардын агробиологиялык жана чарбалык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде туура тандап алууга, өстүрүүдө жогорку түшүмдүүлүктү камсыз кылуучу агротехникалык иш-чараларды колдонууга пайдаланылат.

Райондоштурулуп өстүрүлгөн дан куурайдын сортторунун арасынан гүлдөө жана бышуу мөөнөтүү, бутактардын өсүүсү, түшүмдүүлүгү боюнча келечектүү сортторду аныктоонун негизинде чарбаларга сунуштарды иштеп чыгуу илимий жана практикалык мааниге ээ.

3.2.1. 2024-жылдын 27-июнь айында **Сыдыков Айбек Белековичтин «**Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү**»** 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын-ала коргоосу өткөрүлдү.

3.2.2. 2024-жылдын 30-сентябрь айында **Сыдыков Айбек Белековичтин «**Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү**»** 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын ачык коргоосу өткөрүлдү.

**Илимий жетекчиси:** айыл чарба илимдеринин доктору, К. И. Скрябин атындагы КУАУ токой чарба жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын доценти К. Т. Тургунбаев.

Сыдыков Айбек Белековичтин диссертациялык иши Кыргызстандын Чүй өрөөнүнүн шартында, клондук тамырларга алма дарактарын көбөйтүп өстүрүү маселесин чечүү жолун, илимий жактан негиздөөгө багытталган.

Ата Мекендик багбанчылыктын өнүгүүсүнүн, интенсивдүү жолуна өтүшүнүн башталышы, отургузулган көчөттөрдүн жогорку сапатына талаптарды койуу болуп саналат. Бул талаптар, отургузулган интенсивдүү бактардын жогорку сапаты, эрте мөмө бериши, жана жумшалган каражаттардын чыгымы 2-3 жылдын ичинде камсыз кылынууга тийиш.

Ар түрдүү клоналдык тамырларда алма дарагынын көбөйүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө, интенсивдүү алма бактарын отургузуу жана иштетүү технологияларын өркүндөтүү үчүн маанилүү.

Ар түрдүү тамырларда алма бактарын өстүрүү технологияларын өркүндөтүү питомниктердин жана багбанчылыктын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет. Алма бактарынын клондук тамырларда вегетативдик көбөйүү процесстерин оптималдаштырууга багытталган изилдөөлөр актуалдуу. Диссертациянын «Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү» деген темасы азыркы кездеги багбанчылыкты өнүктүрүү жана анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн абдан актуалдуу.

Изилдөө ишинин алкагында Кыргызстанда биринчи жолу алма дарагынын тамыр сабагынын комбинацияларынын жергиликтүү жана интродукцияланган алма дарагынын сортторунун клондук тамыры менен шайкештиги, клондук тамырларга кыйыштырылган алма дарактарынын көбөйүшү, жана биологиялык өзгөчөлүктөрү изилденген.

Диссертациялык иштин практикалык маанилүүлүгү болуп кыйыштырылган алманын көчөттөрүн тездетип өстүрүүнүн технологиясынын иштелип чыгыш менен байланыштуу. Кыргызстандын шартында 5 клондук тамырга жана 5 түр алманын сортуна баа берилген. Чүй өрөөнүндө өстүрүү үчүн жарактуу клондук тамырдын оптималдуу параметрлери сунушталган. Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү жана эсептөөлөр эксперименталдык түрдө текшерилген.

1. Чүй облусунун топурак - кыртышынын климаттык шарттарында биринчи жолу К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин окуу-тажрыйба чарбасында жана питомнигинде көп жылдык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө, алма дарагынын клондук тамырынын 5 формасынын адаптация жана өндүрүш потенциалы изилденген. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ММ-106, М-26 жана М-9 клондук тамыры Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы интенсивдүү бактарды отургузуу иштерине эң келечектүү сорттор болуп саналары белгилүү болгон.
2. Экономикалык биометрикалык көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы боюнча: питомникте өстүрүлгөн алма дарактарынын төмөнкү өсүү жолдорунда бийиктиги, шарттуу тамыр моюнчасынын калыңдыгы, тамырлоо жөндөмдүүлүктөрү (4,0-5,0 балл), тамыр системасынын узундуктары боюнча М-9, М-26, ММ-106 жана Арм-18 сорттору өзгөчөлөнгөн.
3. Экономикалык баалуу көрсөткүчтөрдүн негизинде питомникте өстүрүлгөн М-26, М-9 жана ММ-106 тамырлары бир сезондун ичинде бүчүр салууга ылайыктуулугу, жакшы өсүп кетүүсү жана өсүү сакталуусу (100%), ошондой эле стандарттуу көчөттөрдүн чыгышы 96,1% менен айырмаланган.
4. ММ-106, М-9 жана М-26 клондук тамырларга кыйыштырылган бардык алма дарагынын сорттору- Голден Делишес, Кандиль Синап, Рашида жана Киргизское зимнее эң жакшы өсүшү байкалганы белгиленди. Ал эми, Арм-18 жана Жэтысу-5 клондук тамырлары боюнча алма дарактарынын өсүүсү жайыраак өскөндүгү аныкталган.
5. Чүй облусунун үшүккө эң чыдамдуу тамыры ММ-106, М-26 жана М-9 тандалган. Жана ошол эле клондук тамырлардагы Голден Делишес, Киргизское зимнее жана Рашида алма сорттору кышкы суукка эң туруктуу экенин көрсөткөнү белгиленген.
6. Физиологиялык көрсөткүчтөр боюнча Жэтысу-5, М-26, М-9 жана ММ-106 тамырлардагы алманын баардык сорттору кургакчылыкка жана ыссыка туруктуулугу менен айырмаланып аныкталган.

3.3.1. 2025-жылдын 26-февраль айында **Колодяжный Александр Геннадьевичтин** «Влияние удобрений и сидеральных культур на плодородие сероземно-луговых почв и продуктивность картофеля» деген темада 03.02.13 – топурак таануу адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын-ала коргоосу өткөрүлдү.
3.3.2. 2025-жылдын 3-апрелинде **Колодяжный Александр Геннадьевичтин** «Влияние удобрений и сидеральных культур на плодородие сероземно-луговых почв и продуктивность картофеля» деген темада 03.02.13 – топурак таануу адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын ачык коргоосу өткөрүлдү.

Диссертациялык иш өз демилгеси менен аткарылган. Биринчи жолу аңыз жабуучу сидераттардын тобунун картөшкөнүн түшүмдүүлүгүнө жана сапатына жана боз-шалбаа топурактарынын сугат айдоолорунун асылдуулугуна тийгизген таасири, ошондой эле аларды

өстүрүүнүн энергетикалык, экономикалык натыйжалуулугу изилденди.

Изилдөөнүн алкагында биринчи жолу Кыргызстандын Чүй облусунун топурак-климаттык шарттарында өстүрүүгө эң ылайыктуу сидералдык өсүмдүктөр тандалып, тажрыйба жүргүзүлдү. Бул диссертацияда биринчи жолу аңыз жабуучу сидераттарынын жер үстүндөгү жана тамыр фитомассасынын өлчөмү менен сапаттык курамы тастыкталды. Алынган жыйынтыктар картөшкөгө минералдык жер семирткичтерди берүү өлчөмүн эсептөөдө жана азык элементтеринин балансын тагыраак эсепке алууга мүмкүндүк берет.

Изилдөөдө аңыз жабуучу сидералдык өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн агротехникалык ыкмалары такталып, алар агротехникалык жана экономикалык жактан негизделген. Ошондой эле, аңыз жабуучу сидераттарды себүүнүн оптималдуу ыкмалары алгачкы ирет сунуш кылынган.

Диссертациялык материалдардын негизинде 13 илимий эмгек жарыяланган, анын ичинен 10 макала – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан сунушталган илимий басылмаларда, 3 макала – РИНЦ системасында индекстелген, импакт-фактору 0,1ден төмөн эмес рецензиялануучу басылмаларда жарык көргөн.

*Жыйынтыктарына талдоо:*

Диссертациянын темасы азыркы кездеги жерлердин деградацияга чалдыгуу шартында топурактардын асылдуулугун жогорулатуу жана картөшкөнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жаатында абдан актуалдуу. Ошондой эле, Чүй өрөөнүнүн шартында аңыз жабуучу сидералдык өсүмдүктөрдү өстүрүү агротехникасын дыйканчылыкта киргизүү менен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана боз-шалбаа топурактарынын асылдуулугун жогорулатуу боюнча изилдөөлөрдөгү агроэкологиялык багыт абдан актуалдуу болуп саналат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарынын сугат айдоолорунун асылдуулугуна, картөшкөнүн түшүмдүүлүгүнө жана сапатына, картөшкө өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугуна жана рентабелдүүлүгүнө: ак жалган кычы, бир жылдык ак кашка беде, четин жалбырактуу фацелия, жаздык арпа жана майлуу түрп сыяктуу аңыз жабуучу сидерат өсүмдүктөрүнүн тийгизген таасирин изилденген.

*Пайдалануу боюнча практикалык сунуштар:*

Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары биздин республиканын жана КМШ коңшу өлкөлөрдүн көптөгөн айыл чарба ишканаларына агротехникалык практика катары сунушталган. Иште сунушталган сунуштар агротехникалык ыкмаларды оптималдаштырууга, түшүмдүүлүктү жогорулатууга жана айыл чарба продукциясынын сапатын жакшыртууга, ошондой эле айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүгө олуттуу салым кошууга мүмкүндүк берээри толук ачылып көрсөтүлгөн.

**4.1. Илимдин докторунун окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар**

| Иштердин мүнөздөмөсү | Адистиктин шифры | |
|---|---|---|
| | 06.01.09-өсүмдүк өстүрүүчүлүк | |
| 1 | 2 | 3 |
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | 0/0 | 0/0 |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен | 0/0 | 0/0 |
| анын ичинде башка уюмдардан | 0/0 | 0/0 |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен | 0/0 | 0/0 |
| анын ичинде башка уюмдардан | 0/0 | 0/0 |
| Кошумча корутундулар берилген | 0/0 | 0/0 |
| 2024 жылдын 1-январына карата кароодо турат. | 0/0 | 0/0 |

## 5. Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар

| Иштердин мүнөздөмөсү | Адистиктин шифры | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк | | 06.01.04 – агрохимия | | 03.02.13 – топурак таануу | | 06.01.05 – өсүмдүктөр дүн селекциясы жана үрөнчүлүгү | | 06.01.11 – өсүмдүктөрдү коргоо | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен | **0/0** | **2/2** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| анын ичинде башка уюмдардан | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| анын ичинде башка уюмдардан | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| Кошумча корутундулар берилген | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |
| 2025 жылдын 4-апрелине карата кароодо турат | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **1** | **1/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** | **0/0** |

## 6. Адистиктердин кошулушунда аткарылган диссертациялар жок.

Д 06.23.670 диссертациялык кеңештин Н. А. Карабаев

Окумуштуу катчы, а.-ч. и.к.,
доценттин м.а. С. А. Мамытканов

10.04.2025-жыл

**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине (тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети) караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңешинин 2023-2025 жылдарга карата расмий оппоненттер туралуу маалыматтар**

| Расмий оппоненттер туралуу маалыматтар | | | | | | | Окумуштуулук даражасын изденип алуучу туралуу маалымат | | | | | КРПУАК чечими (бекитүү/четке кагуу) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Оппоненттин аты-жөнү (толугу менен) | Жаранды-гы | Адистик тин шифры | Окумуштуу-лук даражасы | Окумуш-туулук наамы | Диссертация-лык кеңештин шифры | № | Оппонетти бекиткен күндүн датасы | Изденүүчү-нүн аты-жөнү (толугу менен) | Адис-тиктин шифры | Окумуштуу-лук даражасы | |
| 1 | Апушев Амангельды Каирбекови | Республи-ка Казахстан | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин доктор | Профессор | Д 06.23.670 | 1 | 17.05.2023ж. | Аалиев Сагынбек Абдымаликович | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Бекитилген |
| 2 | Эрматова Венера Белекбаевна | Кыргыз Республи-касы | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 3 | Танаков Нурлан Токтогулович | Кыргыз Республи-касы | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин доктору | Доцент | Д 06.23.670 | 2 | 27.06.2024ж. | Сыдыков Айбек Белекович | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Бекитилген |
| 4 | Суюндуков Улан Азакович | Кыргыз Республи-касы | 06.01.09 | Айыл чарба илимдери-нин кандидаты | Профессор | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 5 | Жумабеков Эмиль Жумабекович | Кыргыз Республи-касы | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин доктор | уик | Д 06.23.670 | 3 | 26.03.2025ж. | Колодяжный Александ Геннадьевич | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | |
| 6 | Мамытова Гульмира Амановна | Кыргыз Республи-касы | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | уик | Д 06.23.670 | | | | | | |

Диссертациялык кеңештин төрагасы, а.ч.и.д, профессор Н. А. Карабаев

Диссетарциялык кенештин окумуштуу катчысы, а.ч.и.к. С. А. Мамытканов

**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине (тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети) караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңешинин 2023-2025 жылдарга карата эксперттик комиссиялары туралуу маалымат**

| Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү туралуу маалыматтар | | | | | | Окумуштуулук даражасын изденип алуучу туралуу маалымат | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн аты-жөнү (толугу менен) | Адистик-тин шифры | Окумуштуу-лук даражасы | Окумуштуу-лук наамы | Диссертация-лык кеңештин шифры | № | Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүн бекитүү күнүн датасы | Изденүүчүнүн аты-жөнү (толугу менен) | Адистиктин шифры | Окумуштуу-лук даражасы | КРПУАК чечими (бекитүү/четке кагуу) |
| 1 | Асаналиев Абдыбек Жекшеевич | 06.01.09 06.01.05 | Айыл чарба илимдерин-ин доктору | Доцент | Д 06.23.670 | 1 | 11.01.2022 ж. | Аалиев Сагынбек Абдымаликович | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Бекитилген |
| 2 | Танаков Нурлан Токтогулович | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин доктору | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 3 | Исаева Венера Карабековна | 06.01.09, 06.01.05 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 4 | Асаналиев Абдыбек Жекшеевич | 06.01.09 06.01.05 | Айыл чарба илимдерин-ин доктору | Доцент | Д 06.23.670 | 2 | 2504. 2024 ж. | Сыдыков Айбек Белекович | 06.01.09 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Бекитилген |
| 5 | Самиева Жыргал Токтогуловна | 06.01.09 06.01.07 | Биология илимдерин-ин доктору | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 6 | Османалиева Курманжан Насипбековна | 06.01.09 | Айыл чарба илимдерин-ин кандидаты | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 7 | Жумабеков Эмиль Жумабекович | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин доктор | уик | Д 06.23.670 | 3 | 14.01.2025 ж. | Колодяжный Александр Геннадьевич | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Сапаров Галимжан Абдуллаевич | 03.02.13 | Айыл чарба илимдеринин кандидаты | Ассоцир. профессор | Д 06.23.670 | | | | | | |
| 9 | Орозакунова Роза Турсуновна | 03.02.13 | Биология илимдерин-ин кандидаты | Доцент | Д 06.23.670 | | | | | | |

Диссертациялык кеңештин төрагасы, а.ч.и.д, профессор Н. А. Карабаев

Диссетарциялык кенештин окумуштуу катчысы, а.ч.и.к С. А. Мамытканов